# Манас гезити

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ     ДЕКАБРЬ'22 - ЯНВАРЬ'23 / №86-САНЫ     WWW.MANAS.EDU.KG





## Келечекке лидерлерди даярдаган гуманитардык факультет

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде алгачкылардан болуп эшигин ачкан Гуманитардык факультет өзүнүн түркология жана тарых бөлүмдөрү...




# КТМУнун Камкорчулар кеңешинин жыйыны болуп өттү




## «Мен жаш болсом болгондурмун, агатай. Сүйүү да жаш болобу?»

"Көөдөндө туйлаган талант эртеби-кечпи баары бир жарып чыгат" дейт элибизде. Айтылуу акын Алыкулдун 11 жашынан ыр куран баштаган жайы бар.




## "Манас" университети GreenMetric рейтинги боюнча планетанын жашыл университеттеринин катарына кирди




## Э.Байсалов: "Кыргыз-Түрк "Манас" университети - Кыргызстан үчүн чоң мүмкүнчүлүк"

Үстүбүздөгү жылдын 1-декабрында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдиль Байсалов Кыргыз-Түрк...




## КТМУда Чыңгыз Айтматовдун туулган күнү эскерилди

2022-жылдын 12-декабрында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде Улуттук адабият күнүнө жана Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнүн...




## Улуттук телерадио корпорациясы 90 жылдыгын белгилөөдө

Улуттук телерадио корпорациясы өзүнүн токсон жылдыгын белгилеп жатат. Маарекелүү иш-чара ар кандай саамалык, конференция, жолугушуулар...




Солдон оңго: КТМУнун биринчи проректору профессор Асылбек Кулмырзаев, Чанаккале Он Сегизинчи Март университетинин ректору, профессор Седат Мурат, Түркия Республикасынын Президентинин Администрациясынын Стратегия жана бюджет башкармалыгынын башчысы Ибрахим Шенел, КТМУнун ректору, профессор Алпаслан Жейлан, Түркия Республикасынын Президентинин Аппаратынын Коммуникациялар департаментинин башчысы, Камкорчулар Кеңешинин төрагасы Фахреттин Алтун, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары Расул Авазбек уулу, Тышкы иштер министринин орун басары Айбек Молдогазиев, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын эл аралык кызматташтык бөлүмү, бөлүм башчысынын орун басары Талгат Аширбеков жана Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин экспертизалоо башкармалыгынын башкы адиси Тимурлан Ажымалиев

# КТМУнун Камкорчулар кеңешинин жыйыны болуп өттү

*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде (КТМУ) Камкорчулар кеңешинин 2022-жылдагы акыркы жыйыны болуп өттү. 28-декабрда өткөрүлгөн бул жыйында Камкорчулар кеңеши тарабынан медициналык факультетти түзүү чечими, аны менен катар кадрдык укуктардын жакшырышы жана келечектеги максаттарга байланышкан инфратүзүмдүк иштер сыяктуу бир катар чечимдер кабыл алынды.*

Жыйынга Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары Расул Авазбек уулу, Тышкы иштер министринин орун басары Айбек Молдогазиев, КРНЫНӨкмөтүнүн Аппаратынын эл аралык кызматташтык бөлүмү, бөлүм башчысынын орун басары Талгат Аширбеков, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин экспертизалоо башкармалыгынын башкы адиси Тимурлан Ажымалиев, Түркия Республикасынын Президентинин Аппаратынын Коммуникациялар департаментинин башчысы, Камкорчулар Кеңешинин төрагасы Фахреттин Алтун, Түркия Республикасынын Президентинин Администрациясынын Стратегия жана бюджет башкармалыгынын башчысы Ибрахим Шенел, Чанаккале он сегизинчи март университетинин ректору, профессор Седат Мурат жана КТМУнун ректору профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректору профессор Асылбек Кулмырзаев катышты.

Жыйында окуу жайдын ректору профессор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректору профессор Асылбек Кулмырзаев университеттеги өнүгүүлөр жана кийинки 5 жылга карата даярдалган стратегиялык план тууралуу Камкорчулар Кеңешине



маалымат беришти.

Ошондой эле ректор проф., докт. Алпаслан Жейлан Камкорчулар кеңешинин төрагасы проф., докт. Фахреттин Алтунга жана Камкорчулар кеңешинин мүчөлөрүнө ыраазычылык билдирүү менен буларды кошумчалады: "Төрагабыз жана Камкорчулар кеңешинин мүчөлөрү бизге ар убак колдоо көрсөтүп, жыйынтыктуу иш көрсөтүүдө өз салымдарын кошушту. Биздин кыргыз жана түрк делегациялары Камкорчулар кеңешинин жыйынын өткөрүп, натыйжалуу жыйынтыктарга жете алды. Бул «Манастын» тарыхына алтын тамгалар менен жазылып калган маанилүү жолугушуу болду. Жолугушууда алдыдагы багыттуу кадамдардын инфратүзүмдөрү түптөлдү".

Ал эми жыйында бекитилген кадрдык укуктар тууралуу чечим боюнча ректор проф., докт. Жейлан: "Биздин негизги максаттарыбыздын бири болгон «Манас» үй-бүлөсү түшүнүгүн калыптандыруу мүдөөбүз орундалып келе жатат. Окуу жайыбызда бир үй-бүлө түшүнүгү сиңип калыптана баштады. Мисалы, биз, сөзсүз түрдө бирибиздин көйгөйүбүз жалпыбызга тиешелүү катары кабыл алып, бирдиктүү кадамдарды жасашыбыз керек. Мисалы, кызматкерлердин жеке укуктары боюнча көйгөйлөр жараланган учурлар болгон. Бул көйгөйлөрдүн баарын Камкорчулар кеңешинин жыйынында чечтик",- деп айтты.

Ректор проф., докт. Жейлан медицина факультетинин курулушуна байланыштуу чечимдин Камкорчулар кеңеши тарабынан бекитүү процессине мындайча баа берди: " Медицина факультети декабрдын аягында Камкорчулар кеңешинин чечими менен расмий түрдө түзүлдү. Факультетибиздин түзүлүшүнө байланыштуу бардык аткарыла турган иштер аягына чыкты. Учурда медициналык факультеттин курулушу боюнча документти Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү кеңешине (YÖK) жибердик. Аталган кеңештен 2023-2024-окуу жылына карата медицина факультетине студенттерди кабыл алуу сунушу менен кайрылдык. Алардан уруксат




Солдо КТМУ Ректору Проф. докт. Алпаслан Жейлан жана оңдо КТМУ Камкорчулар Кеңешинин Башчысы Проф. докт. Фахреттин Алтун

алынгандан кийин Түркиядан студенттерди кабыл ала баштайбыз. Ал эми кыргыз бийлигинин уруксаты менен Кыргызстандан студенттерди кабыл алабыз. Түркиядан, Кыргызстандан жана жалпы түрк дүйнөсүнөн келген жаштардын бул тармакта мыкты билим алуусуна бардык шарттар каралат".

Медицина факультетинде окутуу англис, түрк жана кыргыз тилдеринде жүргүзүлөт дейт ректор проф., докт Алпаслан Жейлан: "Медицина факультетибиз башында түрк мамлекеттеринен келген студенттерге гана билим берет. Англис тилиндеги медицина бөлүмүн ачууну көздөп жатабыз, кийинки кадамыбыз ушул багытта кетмекчи. Медицина факультети англис тилиндеги, түрк жана кыргыз тилиндеги эки бөлүмдө уланат. Мындай жол менен университетибиздеги чет элдик студенттердин санын көбөйтө алабыз деген ойдобуз",-деди.

Жыйындын соңунда университеттин окуу-усулдук программасына жана чарбачылык иштерине байланышкан маселелер каралып, чечимдер кабыл алынды. Камкорчулар Кеңешинин жыйынында маанилүү чечимдер – КТМУда медицина факультетинин ачылышы жана университеттин академиялык жана административдик кызматкерлеринин айлык маянасынын көбөйтүлүшү болду.

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС



# “Манас” университети GreenMetric рейтинги боюнча планетанын жашыл университеттеринин катарына кирди

***2022-жылдын 12-декабрында жарыяланган UI GreenMetric World University Ranking программасына катышуунун жыйынтыгы боюнча, Кыргыз-Түрк «Манас» университети Кыргызстанда биринчи болуп дүйнөдөгү «жашыл» университеттердин катарына кирди.***




Green Metric 2022 рейтингинде планетадагы «эң жашыл» университеттердин арасынан Кыргыз-Түрк «Манас» университети 85 өлкөдөн келген 1050 университеттин ичинен 710-орунду ээледи.

Рейтингге «Манас» университети Кыргызстандын атынан алгачкылардан болуп дүйнөдөгү «жашыл» университеттердин катарына кирди. КТМУ “Билим берүү жана изилдөө”, “Жайгашкан жер жана инфраструктура” жана “Энергетика жана климаттын өзгөрүшү” индикаторлорунун топтору боюнча эң жогорку баллга ээ.

2010-жылы Индонезия университети (Depok) тарабынан түзүлгөн UI GreenMetric World University Rankings рейтинг агенттиги дүйнө жүзүндөгү университеттерди алты категорияга бөлөт: университеттин ыңгайлуу инфраструктурасы; университеттин кампусунда энергияны үнөмдөөчү жана сууну үнөмдөөчү технологияларды колдонуу; университеттин калдыктарын кайра иштетүү жана сууну үнөмдөө программалары; университеттин кампусунда көмүр кычкыл газынын жана зыяндуу бөлүкчөлөрдүн чыгышын азайтуу үчүн ыңгайлуу транспорттук каттамдар; университеттин билим берүү программаларында экологиялык билим берүү.

Бул рейтингдин максаты университеттин жашыл кампус жана университеттердеги туруктуулук менен байланышкан учурдагы абалын жана саясатын баалоо болуп саналат. Бул мекеменин экологиялык жактан таза жана туруктуу саясаттарды жана программаларды ишке ашыруу боюнча жасаган аракеттерин чагылдырат.

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

# Ректор Түрк мамлекеттер уюмунун башкы катчысы менен жолугушту

***2022-жылдын 6-декабрында Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан Түркиядагы иш сапарынын алкагында Түрк мамлекеттер уюмунун башкы катчысы Кубанычбек Өмүралиев менен жолугушту.***

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС





Жолугушууда ректор Түрк мамлекеттер уюмунун (ТМУ) мамлекет башчыларынын чечими менен Кыргыз Республикасынын өкүлү - Кубанычбек Өмүралиев ТМУнун Башкы катчысы болуп дайындалгандыгы менен куттуктап, ага боордош элдердин ортосундагы кызматташтыкты бекемдөөгө жана Түрк дүйнөсүнүн биримдигине салым кошууга багытталган жоопту ишинде ийгиликтерди каалады.

Ал эми ТМУнун Башкы катчысы К.Өмүралиев ректорго каалоолору үчүн ыраазычылык билдирди жана “Манас” университети Түрк мамлекеттер уюмунун “Орхон процесси” алмашуу программасын координациялоодо жигердүүлүк көрсөтүп, аны мыкты деңгээлде жүргүзгөнүн баса белгиледи.

Жолугушууда ректор Алпаслан Жейлан жана Кубанычбек Өмүралиев билим берүү тармагындагы кызматташтыкты кеңейтүү, Түрк университеттер ассоциациясынын 6-Башкы ассамблеясынын жыйынтыктары, ошондой эле «Манас» университети ийгиликтүү ишке ашырган «Түрк дүйнөсүнүн санариптик атуулдугу» долбооруна түрк мамлекеттеринен көбүрөөк жогорку окуу жайларды киргизүүнү талкуулашты.



# Президенттик стипендияга татыган студенттерибизди куттуктайбыз!

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин 2 студенти президенттик стипендия алышты. Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 16-декабрда 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча өлкөнүн жогорку окуу жайларында окуган 70 студентке мыкты окуган жана коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн мактоо баракчасын жана 60 000 сом өлчөмүндө стипендиясын тапшырды.

Мыкты окуган студенттердин арасында окуу жайыбыздын экономика жана башкаруу факультетинин экономика бөлүмүнүн 4-курсунун студенттери - Нурхан Тойчубеков жана Бермет Акматова президенттин колунан стипендияга татыды.

КТМУнун ректораты жана жалпы жамааты президенттик стипендияга татыктуу болгон студенттерди куттуктап, окууларына мындан ары да ийгиликтерди каалайт.

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС



# КТМУда Чыңгыз Айтматовдун туулган күнү эскерилди

***2022-жылдын 12-декабрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде Улуттук адабият күнүнө жана Чынгыз Айтматовдун туулган күнүнүн 94 жылдыгына арналган “Айтматов ааламы “ аттуу иш-чара өттү.***



Кече залкар жазуучу Ч.Айтматов жөнүндө даректүү фильмдин жана анын чыгармаларынан түзүлгөн театралдык композициясынын көрсөтүлүшү менен башталды.

Кеченин ачылыш сөзүндө университеттин окуу иштери боюнча проректору, доцент Камалбек Карымшаков залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов кыргыз элинин жана түрк дүйнөсүнүн эле эмес, бүтүндөй дүйнөлүк адамзаттын залкар жазуучусу жана анын терең философиялуу чыгармалары бүтүндөй адамзатка руханий күлазык экенин баса белгиледи.

Ачылыш сөздөрүнөн кийин коммуникация факультетинин деканынын орун басары, доц. Угур Үнал “Чыңгыз Айтматов түрк дүйнөсүндөгү маданий дипломатиянын ишмери” жана чет тилдер жогорку мектебинин окутуучусу Гөкжан Челик «Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын Түркияда изилдениши» деген темада баяндама жасады.

Иш-чара университеттин көркөм өнөр факультети, гуманитардык жана коммуникация факультети тарабынан уюштурулду. Мындан тышкары университеттин кинозалында жазуучунун чыгармаларынан тартылган көркөм фильмдери көрсөтүлдү жана студенттер тарабынан уюштурулган эскерүү кечелери да өттү.

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС



# Улуттук телерадио корпорациясы 90 жылдыгын белгилөөдө

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС



***Улуттук телерадио корпорациясы өзүнүн токсон жылдыгын белгилеп жатат. Маарекелүү иш-чара ар кандай саамалык, конференция, жолугушуулар менен коштолууда. 6-декабрда «Ааламдашуу шартындагы медиа» аталышындагы эл аралык медиа форум өттү.***

Иш-чарага Эл аралык жана Кыргызстандын медиа өкүлдөрү, Түркия, Россия, Казакстан, Өзбектан, Беларусия, Иран ж.б. мамлекеттердин элчилик өкүлдөрү, ММК жетекчилери жана журналисттери, ошондой эле БиБиСи, ТРТ, "Хабар" өңдүү ири медиа корпорациялардын жетекчилери, редакторлору, жергиликтүү ММК өкүлдөрү, чет элдик жана Кыргызстандын жогорку окуу жайлардын ректорлору, тиешелүү факультеттердин декандары, окумуштуулар, медиа серепчилер, тележурналисттер катышууда.

Форумдун катышуучулары жаңы медианын салтуу ММКга тийгизип жаткан таасирлери, анын алкагындагы актуалдуу маселелер, телекөрсөтүүнүн көрүмдүүлүгүн жана радионун угумдуулугун арттыруу ыкмалары, заманбап журналисттерди даярдоодо билим берүү системасынын алкагында талкуу жүргүзүштү.

Аталган форумга КТМУнун атынан университеттин проректору Мехмет Сезаи Түрк УТРКнын башкы директору Кайрат Иманалиевдин чакыруусу менен катышты. Ал Улуттук телерадио корпорациясынын токсон жылдык маарекеси менен куттуктап, УТРКнын жалпы жамаатына ийгилик каалады.

Ошондой эле университеттин атынан катышкандыгы үчүн катышуучуларга ыраазычылык баракчалары тапшырылды.

Форумдан кийин УТРКнын коноктору үчүн Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин «Медиа Манас» медиа борбору менен тааныштыруу экскурциясы да уюштурулду.

# Журналистика бөлүмүнүн студенттери Эшимканов атындагы сыйлыкты жеңип алышты



1-сүрөттө солдон оңго; Мелис Эшимканов атындагы коомдук фонддун жетекчиси Асел Эшимканова жана журналистика бөлүмүнүн 4-курсунун студенти Азиза Капарова



2-сүрөттө солдон оңго; Мелис Эшимканов атындагы коомдук фонддун жетекчиси Асел Эшимканова жана журналистика бөлүмүнүн 4-курсунун студенти Айпери Эшенкулова

***Университетибиздин журналистика бөлүмүнүн 4-курсунун студенттери Мелис Эшимканов атындагы жогорку окуу жайларынынын студенттери арасындагы кароо сынакта жеңишке ээ болушту. "Кыргыз журналистикасынын эртеңи" деген темада ээсе жазууда I орунду Азиза Капар кызы, II орунду Айпери Эшенкулова ээледи. Аларга диплом жана акчалай сыйлык тапшырылды.***

9-декабрда Токтоболот Абдымомунов атындагы Кыргыз драма театрында чыгаан журналист Мелис Эшимкановдун 60 жылдык эскерүү кечеси болду. Ага маркум журналисттин замандаштары, кесиптештери, достору жана студенттер катышты.

Ошол эле күнү Мелис Эшимканов атындагы фонд уюштурган эки сынактын жыйынтыгы чыгарылып, байгелер тапшырылды.

Жогорку окуу жайларда окуган журналистика факультеттеринин студенттери арасында жарыяланган кароо сынактын жобосуна ылайык, студенттер "Кыргыз журналистикасынын эртеңи" темасында 600-700 сөздөн ашпаган эссе жазышы керек болчу. Сынактын сыйлык фонду 50 000 сомду түзгөн.

Журналистика бөлүмүнүн 4-курсунун эки студенти I жана II орунду ээлешти. Ал эми дагы бир катар студенттерибизге: Айчүрөк Кенжекулова, Жибек Мелисова, Айзада Урматбек кызы, Инсан Уракунова, Сулууман Байгуттуева, Зарина Абдувалиева жана Бегайым Асылбек кызына кызыктыруучу сыйлыктар берилди. Студенттерди аталган карoo сынакка журналистика бөлүмүнүн окутуучулары докт. Гүлзада Станалиева жана докт. Бакыт Орунбеков даярдашкан.

Кыргыз эркин журналистикасына чыйыр салган журналист Мелис Эшимканов көзү тирүү болгондо быйыл декабрда 60 жашка толмок. Ал жетектеген айтылуу "Асаба" гезити кийин "Агым" деген гезитке айланып, эң популярдуу гезиттердин бири болгон. М.Эшимканов 2011-жылы 49 жашында каза болгон.

Мелис Эшимканов атындагы коомдук фонд жыл сайын журналисттер жана студенттер арасында карoo сынактарды өткөрүп келет.

HABER: AYPERİ EŞENKULOVA / FOTO: AYPERİ EŞENKULOVA



# Э.Байсалов: "Кыргыз-Түрк "Манас" университети - Кыргызстан үчүн чоң мүмкүнчүлүк"



***Үстүбүздөгү жылдын 1-декабрында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдиль Байсалов Кыргыз-Түрк "Манас" университетине иш сапары менен келди.***

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдиль Байсаловду Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин биринчи проректору, профессор Асылбек Кулмырзаев тосуп алды. Эдиль Байсаловду Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары Расул Авазбек уулу коштоп келди.

Иш сапардын жүрүшүндө Эдиль Байсалов окуу жайдын туризм, ветеринария факультеттери, илимий-изилдөө жана өндүрүштүк лабораториялары, айыл чарба факультетинин күнөсканасы жана "Медиа Манас" борборунун радио жана телестудиялары менен таанышып, "Манас ФМ" радиосунун жана "Манас ТВ" каналынын түз эфиринде Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин билим берүүдөгү орду тууралуу маек курду.

Ал эки боордош элдин ортосунда курулган Кыргыз-Түрк "Манас" университети миңдеген жаштардын кыялын орундатып, татыктуу билим берип, иш менен камсыз болуусуна өбөлгө түзүп келе жатканын жана билим берүүдө дүйнөнүн өнүгүшү менен тең тайлашып, заманбап технологиялар менен жабдылып 27 жыл ичинде Кыргызстандагы алдыңкы окуу жайына айланганын баса белгиледи.

"Бүгүнкү күндө Кыргыз-Түрк "Манас" университети дүйнөдөгү мыкты 1000 университеттин катарына кирип, Кыргызстанда эң мыкты жогорку окуу жайлардын сап башынан орун алды. Мына бүгүн КТМУнун окуу-усулдук жана материалдык-техникалык базасы менен таанышып чыктым. Окуу жайда замандын талабына ылайык окуу-тарбия иштеринде коомго кызмат көрсөтүүдө жана заманбап технологияларды өздөштүрүү багытында реалдуу кадамдар жасалып жатканы мени абдан кубандырды. Кыргыз-Түрк "Манас" университети - Кыргызстан үчүн чоң мүмкүнчүлүк жана жетишкендик деп айтат элем. Анткени окуу жай сапаттуу кесипкөй адистерди даярдоо менен гана чектелбестен, эки өлкөнүн ортосундагы мамилелердин бекемделишине салым кошуп келет. Учурдан пайдаланып, бир тууган түрк элине, Түркия жетекчилигине жалпы кыргыз элинин жана өзүмдүн атымдан терең ыраазычылык билдирем. Канча жылдан бери университетти колдоп, келечегибиз үчүн кам көрүп жатышкандары биз үчүн чоң сыймык. Жаштарыбызга ишеним көрсөтүп, кыргыз мамлекетинин өнүгүшүнө кошкон салымы чоң деп эсептейбиз. Бүгүнкү күнү "Манас" университети билим берүүдөгү жетишкендиктери менен Кыргызстандагы башка жогорку окуу жайларга үлгү болуучу университет болуп калды", -деди Байсалов.

Ошондой эле ал университеттин эң чоң проектилеринин бири болгон заманбап Технопарк түзүү боюнча даярдаган мыйзам долбоорун тез арада Кыргыз Республикасынын Парламентинин күн тартибине киргизүү планы бар экендигин жана университет тарабынан Айыл чарба министрлиги менен биргеликте иштелип чыккан Кыргызстандын айыл жана мал чарбачылыгына чоң пайда алып келе турган фермердик долбоорун ишке ашырууга аракет кылаарын айтты.

Ал Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде медицина факультетинин ачылышына чоң маани берерин жана ал үчүн Кыргызстан тарабынан бардык зарыл иштер жасалганын, бул процесс жакынкы арада Түркия Республикасы тарабынан чечилип калаарына ишеним билдирип, келечекте "Манас" университетинде тоо-кен геология жана металлургия факультеттери да ачылып калса, бул тармактын адистерин даярдоо Кыргызстан үчүн абдан пайдалуу болот эле деген пикирин кошумчалады.

Маек соңунда Эдиль Байсалов чакыруу үчүн университеттин жетекчилигине ыраазычылык билдирип, мыкты кесипкөй адистерди даярдоодо Кыргыз-Түрк "Манас" университети жогорку потенциалга ээ экенин дагы бир ирет баса белгиледи.

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

## Гүлүмкан Исаева, жаш акын:

# «Мен жаш болсом болгондурмун, агатай. Сүйүү да жаш болобу?»

“Көөдөндө туйлаган талант эртеби-кечпи баары бир жарып чыгат” дейт элибизде. Айтылуу акын Алыкулдун 11 жашынан ыр курап баштаган жайы бар. Андан бери канчалаган улан-кыз бул куракта чыгармачылыктын чыйыр жолуна түштү, белгисиз. А бирок бул жолу мен өзүмдү өзгөчө сездим. Себеби, менин маңдайымда жаш акын Гүлүмкан Исаева отурган эле. Маектешим болгон акын кыз Кыргыз поэзиясына өзүнүн өзгөчө ыкмасы менен келген, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин социология бөлүмүнүн бүтүрүүчүсү.



КАБАР: МЕХРАФРУЗ НАБИЕВА, МЭЭРИМ ТАЛАНТБЕК КЫЗЫ

Биз 12-декабрь адабият күнүнө карата таланттуу акыныбыз менен анын чыгармачылыгы тууралуу маектештик. Анда эмесе, баяныбызды баштайлы.

**“Журналист болом деген кыял”**

Гүлүмкан Исаева 1999-жылы Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Бешкент айылында жарык дүйнөгө келген. Ал чек арага чектеш айылда балалыктын доорун сүрүп, орто мектепти аяктагандан кийин Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде окуган досторунун сунушу менен аталган окуу жайга тапшырган.

Каарманыбыздын айтымында, ал “журналист болом” деген кыял менен борборго келген. А бирок “Манас” университетинин кирүү сынагында аз упай алып калгандыгына байланыштуу кийин которулуп кетүүгө сөз берип, эки жылдык “Мейманкана иштетүү жана туризм” бөлүмүнө тапшырып калат. Даярдоо курсун окуп жүргөн учурда мугалимдер менен кеңешип, “Социология” адистиги боюнча билим алмай болгон Гүлүмкан быйыл дипломго ээ болду.

**Ырга болгон таланттын ойгонушу**

Илхам - ар акынга ар башка келет. Эргүү убакытка, мезгилге же шартка байланыштуу эмес. Ал адамдын жан дүйнөсүнө, ички сезимдерине жана маанайына көз каранды.

“Эсимде... Мектепте окуп жүргөндө кээде ыр жазат элем. Ал кезде мен 5-6-класстын окуучусу болчумун. Жазган ырларымды мугалимдер окуп, мактап коюшканда кайра-кайра ыр жазганга шыктанчумун. Айылда кечки тамактануудан кийин көп узабай, эрте эле укташат элдер. Бир күнү түн ичинде жан дүйнөмдө өзгөчө ыр саптары пайда болду. А менин бөлмөм ата-энемдин бөлмөсүнө жакын болгондуктан, жарык аларга көрүнөт болчу. Эргүү келген маалды кармап, жаралган саптарды жазып калбасаң, анда ал учурду, ал сезимдерди кайра жашай албайсың да. Ошентип, илхамды кармап калууну көздөгөн мен түнү бою уйкудан ойгонуп, жарыкты беш-алты ирет улам өчүрүп-жандырып жатып, ак кагазга ырымды түшүргөнмүн. Ал учурда сиңдим төрөлө элек, үй —бүлөдө жалгыз, эрке перзент болчумун. Ошентип түнү менен өзүмдү кыйын ыр жазган киши сезип чыканым эсимде. Ата-энем азыркыга чейин ошол учурду эстеп, күлүп калышат”.

**Поэзия жолунда мугалимдердин колдоосу**

Жаш акын окуучулук кезинен адабиятка кызыгып, бирок айылдагы жетишсиздиктен улам китепке болгон моокуму канбагандыгын айтат. Ошондой болсо дагы мугалимдеринин колдоосу аркылуу анын ырга болгон шыгы өчкөн эмес.

-Мектепте адабият сабагына үзгүлтүксүз катышат элем. Анткени, мугалимдер менин ыр жазуума, кээде башка тилдерге которгонума колдоо көрсөтүп, дем беришчү. Биздин айыл четки айылда жайгашкандыктан адабият китептери жетишсиз болчу. Эзелки коммунисттик системаны даңктап, Ленинди мактаган эмгектер көп эле. 10-11-класста жазган ырларымды Лейлек райондук “Ата-Журт” газетасынын редактору, акын Абдилат Дооров окуп калыптыр. Бир күнү агай мени чакырып, “ырларды жакшы жазат экенсиң, ушул бойдон токтоп калбастан өзүңдү өнүктүрүү үчүн башка акындарды да окушуң керек”, - деди. Агайдын айтуусу аркылуу Сагын Акматбекова, Табылды Муканов, Рамис Рыскулов сыяктуу акындардын чыгармачылыгы менен тааныша баштадым. Айылда өзбек улутундагы кыздар менен бирге ойноп чоңойгондуктан өзбек тилинде эркин сүйлөйт элем. Мунун натыйжасында өзбек поэзиясын да жакшы көрүп окууга өттүм.

**Алгачкы китептин басылуусуна жол ачкан сынак**

Азыркы тапта Эгемберди Эрматов атындагы сыйлыктын лауреаты, Таттыбүбү Турсунбаеванын элесине арналган конкурстун баш байге жана “Жазуучулар Союзунун” Ардак грамотасынын ээси болгон жаш акын ийгиликтеринин башаты тууралуу жүзүндөгү жылмаюу менен төмөндөгүлөрдү эскерди:

-Мен шаарга келгенге чейин конкурстар тууралуу билчү эмесмин. 11-классымда Жалпы республикалык тестирлөөгө даярданып жүргөн учурумда Мамлекеттик тил комиссиясы тарабынан уюштурулган “Дүбүрт” аттуу конкурска Абдилат Дооров агайдын сунушу менен катышып калдым. Республикалык деңгээлдеги бул конкурска 35 жашка чейинки акындар катышкан. Бир күнү агай “жазган ырларыңдын баарын алып келип бер” деди. Флешкага салып алып барып бердим. Калган конкурстун талаптарына жооп бергидей «кагаз иштерин» агай өзү бүтүрүптүр. Негизи конкурстун жеңүүчүлөрүнүн китеби чыкмак экен. Бирок бул тууралуу эч кандай маалыматым жок болчу. Күндөрдүн биринде мага бирөө чалып: “Гүлүмкансызбы?” деп сурады, “Ооба” десем, “Сиз Мамлекеттик тил комиссиясы тарабынан уюштурулган конкурстун жеңүүчүсү болуп табылдыңыз. Эми ырларыңыз китеп болуп басылып чыгат” дешти. Аябай сүйүндүм. Ошентип 2018-жылдын 6-мартында өзгөчө толкундануу менен алгачкы китебимди алганы баргам. Китептин чыгышы өзүнчө кызыктуу болду эле. Эми барып аны алып келүү өзүнчө кызык болду. Көп китеп беришсе керек деп, досумду да жаныма алып алгам. “Такси менен алып келбесек, өзүбүз көтөрө албайбыз го” деген ойдогу курбум экөөбүзгө кичинекей китептен 50 даана беришти. Аны көрүп таң калганбыз. Анткени, биз оюбузда бир машина китеп берет дегенбиз да (күлүп). Көрсө, келишимде “басылып чыккан китептин он пайызын гана ала аласыз” деп жазылган экен. Ушул окуя эч эсимден кетпейт. “Жан-жарык” деп аталган ал китебим 500 нуска менен басылган.

**“Ырды сезип которгондо гана максатыңа жетесиң”**

Гүлүмкан Исаева ыр жазуудан тышкары, башка акындардын ырларын да которот. Бул өнөрү тууралуу ал төмөнкүлөргө токтолду:

“Которуу, албетте, оор. Аны сен жөн эле которуп койгонго акың жок. Которуу ишинде жеке өзүңдүн жоопкерчилигиңди гана сезбестен, башка бир автордун кадыр-баркын, сезимдерин да моюнуңа аласың. Ырды которгондо ошол автордун деңгээлинде, же болбосо андан ашып түшүшүң керек. Өзүң жазууга караганда которуу бир топ жоопкерчиликтүү иш десем жаңылышпайм. “Котормо май куюп турат моторго” деп айтышат. Улам окуп, улам жаңы нерсени көрүп, башка адабияттарды окуганда, аны туурап албастан кайрадан иштеп чыгышың керек. Кээде сен айта албаган ички сезимдерди башка автор так-таасын жазып коет. Ошол үчүн сенин сезимдериңе төп келген ырларды өзүң жашагансып которосуң. Ырларды жасап эмес, түпкүрүн туя билип которгондо гана максатыңа жетесиң деп ойлойм. Мен профессионал котормочу эмесмин. Жөн гана маанайыма жараша, жан дүйнөмө дал келген ырларды окуп калганымда которомун. “Манаска” келген учурдан тартып түрк адабиятына болгон кызыгуум ойгонду. Мисалы, Назим Хикметтин “Таарынуу” деген ырын жактырып калып, которгом.

***





Билесиңби таарынуу не?
Таарынуу бул- чынчылдык,
балалык.
Жалганы жок тазалык!
Таарынуу бул – “Сени сүйөм”,
“Баш тартпадым” дегендик.

Таарынуу – наз
Сени жакын көргөндүк.
Мен да сага таарындым!..

***

Таарынганым ачуум дагы, кечирүүм.
Кетпегеним,
Кете албаган чечимим.
Өзүң түшүн мага кымбатсың баарынан.
Мен да сага таарынгам...

**“Көп оңдолгон ыр күчүн жогото баштайт”**

“Көп окуган сайын таасирленип, башка акындардын стилинде жазып калуу табигый эле көрүнүш болгондуктан, чыгармачылыкта өзүңдү табуу кыйын. Ал эми жазылган ырдын үстүнөн кайра-кайра иштеп, өзгөртө берсең, акылга салынган ырга айланат” деген акын поэзия дүйнөсүндөгү өзгөчөлүктөрү тууралуу мындай дейт:

-Ар бир чыгармачыл инсан чыгармачылыкка өзүнүн стили менен келет. Башкалардын айтуусунда, мен ыр айдыңына өз ыкмам менен келиптирмин. Бирок ал кандай ыкма экенин чынын айтсам, өзүм да билбейм (күлүп). Болгону, мен ырларымды баштан-аяк оңдобойм. Себеби оңдогон сайын ырдагы эмоция, сезим жоголуп, акылга салынган ыр болуп калат. Ырдын уйкаштыгын жаратам деп анын ички мазмунун өлтүрүп алышың мүмкүн. Менде тескерисинче, бир жолу кандай жазсам, ошол боюнча калтырып, стилистикалык жана грамматикалык каталарын гана оңдойм. Алгач ыр жазганда каталары көзүңө көрүнбөйт. Эки-үч күндөн кийин кайталап окуганыңда байкала баштайт.

**“Поэзия - акылдын эмес, сезимдин иши”**

Чыгармачылык сапарында бир гана кыргыз поэзиясы менен чектелбестен дүйнөлүк акындардан таасирленип, эмгектерин көз жаздымында калтырбаган каарманыбыз сезимге байланыштуу ырларды жазууга басым жасайт.

-Окуган китебим болобу, көргөн кино, уккан музыкам болобу, баарынан дайыма таза тунук, дилдиреген сезимди издейм. Окуган акындарымдын ырларында да издегеним ошол сезим. Кыргыз акындарынан мен кайталап окуган акындар абдан көп, баарын санап келсем өтө узун тизме болчудай, Сагын Акматбекова, Табылды Муканов, Рамис Рыскулов, Мадина Тураева, Роза Карагулова, Айгүл Узакова, Фатима Абдалова, Афина Бакирова, Бактыгүл Көкөтаева, Нарсулуу Гургубаева, Махабат Касеинова Нуриза Өмүрбаева, Махабат Касеинованын (дагы көп ысымдар айтылбай калды) ырларын баалап окуйм. Дүйнөлүк адабияттан япон адабияты; Ясунари Кавабата, Харуки Мураками, Басе, Сайгенин чыгармалары жагат. Муну менен бирге орус поэзиясы Анна Ахматова, Марина Цветаева, Белла Ахмадулинаны айта кетпесем болбойт. Анан айрыкча, Дивани адабиятын жакшы көрөм. Мевлана Желаллиддин Руми,, Юнус Эмрени, түрк акындарынан «Гарипчилер» агымынын баштоочулары Назым Хикмет, Октай Рыфат, Орхан Велини, анан Дидем Мадактын ырларын баалайм. Поэзия - акылдын иши эмес, сезимдин иши деп билем. Анда көбүнчө сезим болуш керек. Сенин ырың окурмандардын жүрөк толкунун өзгөрткөн эмоцияны пайда кылса, поэзиянын маанилүүлүгү ошондо. Менимче, бир чыгармачыл инсан башынан өткөргөнүнө, жашап жатканына, сезгенине басым жасайт. Мисалы, мен жаш курагыма байланыштуу лирикалык жанрдагы сезим ырларына басым жасайм. Мага ата-эне, мекен, туулган жер тууралуу ырлардын жоопкерчилиги чоңдой сезилет. Аны жеңил-желпи эле жазып койбостон, алгач мекендин кадырын жон териң менен сезип, жүрөгүңдөн өткөрүп көрүшүң керек. Мекенди кичирейтип жазып алгандан корком.

**“Манас” - баш тартууга мүмкүн болбогон жер”**

Акын уясынан учкан “Манас” университетине болгон кусалыгы жана анда өткөн күндөрүнө да токтолуп өттү.

“Менин эң бактылуу мүнөттөрүм, айтканынан кайтпаган өжөр, тайманбас, эмне кылса жараша берген жаштыгым “Манаста” өтүптүр. «Манаста» кыялдандым, толкундандым, эргидим дегендей. Ырларымдын көбүн ошол жерде жазганмын. Менин Бишкектеги экинчи үйүмдөй көрөм окуу жайымды. Мурун мугалимдерибиз «окууну аяктагандан кийин университетти сагынасыңар” дешсе, анча деле көңүл бурбайт элем. Азыр ошол сезимди жашап атам. Али күнчө ар күнү эрте менен ойгонуп эле «Манаска» сабакка барчудай эле сезе берем. “Манас” - баш тартылгыс, көңүл айрылгыс бир жер. Келечекте магистратураны кайрадан КТМУда окусам деген да тилектерим бар” – дейт ал.

**“Футбол ойноо-хоббилеримдин бири”**

“Каарманыбыз ыр жазып, котормочулук менен алектенүүдөн башка дагы айрыкча, спортко жакын экендигин белгилейт:

-Футбол көргөнгө караганда, ойногон жагат. Ал менин хоббим десем да болот. Мектеп учурунан бери ойноп келем. Азыр деле университетте кыздар арасында турнир болсо катышып турам. Андан сырткары, стол теннисине кызыга баштадым. Башка акындардын ырларын окуу дагы менин хоббилеримдин бири. Анткени, мен ырлардан таасирленем. Окуган ырларым жан дүйнөмдөгү сезимдерди ойготот.

Жаш акыныбыз Гүлүмкан Исаеванын чыгармачылыгына, мындан аркы иштерине ийгилик каалоо менен маегибизди жыйынтыктадык.

# Келечекке лидерлерди даярдаган гуманитардык факультет

**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде алгачкылардан болуп эшигин ачкан Гуманитардык факультет өзүнүн түркология жана тарых бөлүмдөрү менен 1995-жылы Табигый илимдер факультетинин карамагында ишин баштап, кийин өз ара бөлүнүп кеткен. 2001-2002-окуу жылында алгачкы бүтүрүүчүлөрүн уядан учурган факультетте азыркы тапта студенттер 7 түрдүү бөлүмдөн билим алып келет. Алар төмөнкү программалар боюнча кесипке ээ болушат:**



-Тарых;

-Түркология;

-Социология;

-Педагогика;

* (Педагогикалык-психологиялык кеңеш жана көмөк программасы);

-Философия;

-Филология;

* (Англис тили жана адабияты)

* (Кытай тили жана адабияты)

* (Орус тили жана адабияты)

-Синхрондук котормо;

* (Кыргызча-түркчө)

* (Кыргызча-англисче)

* (Түркчө-орусча).

***"Күчтүү окутуучулар билимдин сапатын камсыз кылат"***

Маек башында аталган факультеттин өзгөчөлүгү окутуучулук курамдын кыйла тажрыйбалуулугунда экендигин баса белгилеген декандын орун басары, доцент, доктор Алпарслан Ашык төмөнкүлөрдү айтып берди:

- Жыл сайын абитуриенттер үчүн бөлүнгөн квоталардын саны биздеги бөлүмдөргө жараша өзгөрүп турганына карабастан, бүтүрүүчүлөрдүн 98 пайызынын гуманитардык факультетти тандаганына күбө болуп келебиз. Муну менен мейли Кыргызстан, мейли Түркияда болсун, аталган багыт жогорку суроо-талапка ээ деп айта алам.

Бир топ илимди ичине камтыган факультетибиздин эң күчтүү жагы эмнеде? Менин оюмча, окутуучулар жамаатында. Анткени, бизде Кыргызстан жана Түркиядан келген кесипкөй адистер эмгектенишет. Мындан тышкары, чыгыш тилдери бөлүмүндө уйгур тили, Кытай баш болгон бир катар өлкөлөрдөн келген мугалимдерибиз бар. Учурда 21 профессор, 15 доцент, 10 доценттин милдетин аткаруучу жана 23 окутуучу студенттерге өз тажрыйбалары менен бөлүшүп келет. Демек, бул жаатта эч кандай көйгөй жок. Биз университетибиздеги академиялык ишти мыкты алып барган кесиптештерибиз менен дайым сыймыктанабыз. Бирок быйыл катарыбызга жаңы кадрларды кошуу планыбыз бар. Себеби, жогоруда айткан тогуз бөлүмдүн ар биринде эң аз 1-2 чет өлкөлүк мугалимдин иштешин каалайбыз. Мындай стратегиядагы көздөгөн максатыбыз, албетте, студенттерибиз үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жаратып, алардын сапаттуу билим алуусуна жол ачат.

***«Жаштар коомду жетектегиси келсе, гуманитардык багытта билим алышы керек»***

Ал эми гуманитардык тармактагы адистиктердин мааниси тууралуу узаткан соболубузга декандын орун басары, доцент, доктор Алпарслан Ашык мындайча жооп берди:

- Гуманитардык илимдер маданиятты, билим деңгээлин, атүгүл, адамдардын саясий жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүргөн тармак. Эгерде кимдир бирөө коомдук изилдөө жүргүзүүнү каалаtermsa, анда коомго талдоо жүргүзүүсү керек. Ал эми гуманитардык факультеттин бөлүмдөрү мына ошол коомдун маданияты, ой жүгүртүүсү, тарыхы, келечеги тууралуу маалымат берген функцияны аткарат. Эгерде жаштар жашаган коомго салым кошуп же аны жетектегиси келсе, анда гуманитардык багытта билим алышы керек. Жогоруда мен айтып өткөн тата-ал туюлган маселелерди чечүүдө факультетибиз негизги орунду ээлесе, башкалары жардамчы катары көмөк көрсөтөт. Муну менен бизде лидерлерди даярдоода өтө жогорку деңгээлде десек болот. Логика - бул философия, саясат таануу. Мунун баары гуманитардык багытка негизделген. Чындыгында, философиясыз илим жок. Ар бир илим сөзсүз түрдө философияга негизделиши керек. Ал эми эгерде сен өз тарыхыңды жана тилиңди сактабасаң, түшүнбөсөң, анда өзүң баштаган долбоор, жетектеген коом болбойт.



***«Кызматташуулар жолго коюлган»***

Ар түрдүү кызматташууларга ачык болуу жетекчиликтин башкы принциби экенин белгилеп, Алпаслан Ашык бул багыттагы иш-аракеттер тууралуу төмөнкүлөргө токтолду:

«Факультет катары Кыргызстандан тартып, Түркиядагы институт, университет, колледждер менен түзүлгөн келишимдерибиз бар. Андан сырткары, Орусия, Иран жана Пакистан өлкөлөрү менен иш алып барабыз. Бишкектеги жогорку окуу жайлардын гуманитардык бөлүмдөрүнүн декандары, окутуучулары менен жолугуп, иштерибиз тууралуу маалымат беребиз. Муну менен бирге алардан симпозиум, талкуу форуму, программа, китеп презентацияларына чакыруусун сурана быз. Бул өңүттөгү кызматташуу иш-чараларынын расмий түрдө жүргүзүлүп баштаганына бир жылдай болду. Орток иштешүүдө бир жагынан алар менен таанышсак, экинчиден, өзүбүздү да жакшы тааныткан болобуз. Мисалы, өткөн жылдын сентябрь айынын аягында өткөн «Жаш түркологдордун симпозиумун» Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Орусия Федерациясынын Президентинин администрациясынын башкаруу жана экономика академиясы менен биргеликте уюштурдук. Ал эми «Орхун» алмашуу программасы аркылуу факультетибиз көптөгөн жаштардын сапаттуу билим алуусуна көмөкчү болуу менен катар аларга Кыргызстанда болуунун артыкчылыктарын сунуштайт. Муну менен чектелип калбастан, мындай кызматташуулардын алкагында мезгил-мезгили менен чет өлкөлүк окумуштууларды чакырып, студенттерибиздин түрдүү көз-караштарды өздөштүрүп, тажрыйба топтоосуна шарт түзүп турабыз ».

***"Окутуучуларыбыз тынымсыз изденүү жолунда"***

Гуманитардык факультеттин окутуучулары тынымсыз изденүү менен өз тармагына зор салым кошуп, эмгектери мамлекеттик жана эл аралык деңгээлде татыктуу сыйлыктар менен бааланып келет:

«Бул башка кароо-сынактардагыдай эки-үч айдан кийин жыйынтыкталчу эмес, алардын жашоодогу бардык иштеринин натыйжасы. Окутуучуларыбыз өлкө башчысы тарабынан да билим алууга, тарыхка, кыргыз тилине кошкон салымы үчүн, аны менен катар макалалары, китептери үчүн Кыргызстан жана Түркия Президенттеринин, «Түрксой» же Түрк тил комиссиясынын ар кандай сыйлыктарына ээ болуп келишет».

***"Практикадан тажрыйбага"***

- Бүгүнкү күндө Түркиядан 901, Борбордук Азия өлкөлөрүнөн 58 студент билим алган гуманитардык факультетибизди аяктаган 1995 бүтүрүүчүбүздүн 60 пайыздан ашыгы өз кесиби боюнча эмгектенип келишет. Магистратура же докторлугун жактап, АКШ, Орусия сыяктуу өлкөлөрдө иш алып барган ар бир досубуздун жараткан ийгилиги бизди кубандырат. Ал эми студент кезде алардын практикадан өтүү тармактары бири-биринен айырмаланып турат. Мисалы, тарых бөлүмүнүн студенттери археологиялык казууларда, мамлекеттик архивдерде, музейлерде практикадан өтүшөт. Тил бөлүмүндөгүлөр болсо расмий мамлекеттик кат-кабарлар которулган кеңселерде котормочу болуп иштешет. Педагог студенттерибиз жогорку окуу жайларында практикадан өтө алышат. Ал эми социология бөлүмүнүн студенттеринин практика үчүн түз дареги жок. Алар үчүн практика өтүүчү жай «Дордой» же «Ош» базары да болушу мүмкүн. Анткени, түздөн-түз коомчулук менен байланышта болушуп, коомдук сурамжылоолорду көп жасашат. Туш келген көчө же каалаган соода борбору же жеке компания дагы практика өтүүчү жер боло алат. Жаш түркологдор көбүнчө кол жазмалар фондунда изилдөө жүргүзүшөт. Азыркы тапта кеңири болгон практикадан өтүү чөйрөсүн мындан ары да ар түрдүү кылганга аракет кылабыз. Анткени, биздин студенттерибиз өз тармагына тиешелүү бардык жерде болушу керек. Казуу менен гана практикадан өтө алышы мүмкүн, бирок музейге баруу жана ал жакты өз көзү менен көрүү да өзгөчө билим. Архивге кирип, ошол тарыхтын экспонаттарына тиешелүү документтерди окуу да өзүнчө тажрыйба.





Edebiyat Fakültesi Dekan Yardımcısı Doç. Dr. Alpaslan Aşık

Келечек муунду тарбиялоо азыркы студенттердин колунда дейт декандын орун басары Алпарслан Ашык:

- Бул жердеги жаштар алган билиминин баалуулугун билиши керек. Колдогу мүмкүнчүлүктү жакшыраак пайдаланышы абзел. Себеби, өлкөгө, кыргыз элине жакшы кызмат кылуу үчүн мыкты билим алууга болгон аракетин жумшашы кажет.

***"Түрк дүйнөсүнүн түркүгү болуу үчүн ишибиз уланат"***

Доцент, доктор Ашык сөзүн жыйынтыктап жатып белгилүү түрк ойчулу Исмаил Гаспыралынын "Тилде, иште жана пикирде бир бололу" деген сөзүн мисал келтирип, буларга токтолду:

- Түрк дүйнөсүн дагы да күчтөндүрөлү. Ректорубуз Алпаслан Жейлан ар дайым баса белгилегендей, бир бололу, кең бололу, бар бололу! "Түрк мамлекеттер уюму" мына ушул максатты ишке ашыруу үчүн ташталган чоң кадамдын башталышы гана. Аны улантып кетүү ар бирибиздин колубузда! Учурда адамзат күчтүү түрк дүйнөсүнө муктаж. Биздин гуманитардык факультет ошол түрк дүйнөсүнүн борбору болгон "Манас" университетинде достуктун түркүгү болуу үчүн болгон аракети менен өз ишин уланта берет.

КАБАР: ЭРЛАН БЕКТЕН УУЛУ, ЭЛИЗА БЕКИШОВА




Сүрөттө: Бактияр Замирбеков Begreen компаниясынын ачылышында. Кыргыз-Түрк “Манас” университетиндеги агайлары менен.

## Бактияр Замирбеков, Begreen компаниясынын жетекчиси:

# “Кыргызстанга таштандыларды бөлүп салуу маданиятын алып келдик”

*Учурда Кыргызстанда экологиялык маселелерге кайдыгер карабаган жаштарыбыз аз эмес. Алардын бири Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин бүтүрүүчүсү, эко-активист, Begreen компаниясынын жетекчиси жана уюштуруучусу Бактияр Замирбеков. 2018-жылы “Манас” университетиндеги экономика факультетинин менеджмент бөлүмүн аяктаган каарманыбыз бизге таштандыны бөлүп таштоо жана аларды кайра иштетүүгө багытталган долбоору тууралуу маек куруп берди.*

***- Саламатсызбы, Бактияр байке? Биз сизди эко-активист катары өлкөбүзгө жакшы иштерди жасап келе жатканыңызды билебиз. Оболу эко-активист катары ишти кантип баштап калдыңыздар, кепти ушундан баштасак?***

- “Манас” университетинде окуп жүргөндө стажировкада Түркиядагы İstanbul Ticaret Odası ишканасында болуп келгем. Ал жактан абдан жакшы тажрыйба алдым. Ишкердикти баштоого эң негизги түрткү болгон ошол жердеги анализдер жана изилдөөлөр болду. Себеп дегенде мен буга чейин өзүмдү ишкердик чөйрөдө элестетчү эмесмин. Болгону окуу менен гана чектелип жүргөм. Тажрыйба топтоо учурунда кандайдыр бир анализдерди жасадым. Мисалы, Кыргызстанга канчалык деңгээлде товарлар экспорт жана импорт болот деген сыяктуу. Өлкөгө келгенден кийин эле жеке ишкерлик менен алектене баштадым. 4-курста окуп жүргөндө Кытайдан электрондук буюмдарды алып келип сата баштадык. Ошол нерсе ишкердикти, эко-активист катары ишмердүүлүгүбүздү баштоодо жакшы тажрыйба болду.

***- Begreen компаниясын кантип ачып калдыңыздар? Ага эмне себеп болду?***

- Бул идея тез татымда тамактанып отурган учурда келген. Ал жерде кичинекей таштанды салынчу урналар дайыма толуп, жерде төгүлүп жатчу. Анан “эмне үчүн таштанды кылбай, бат-баттан алмаштырып коюшпайт?” деген ой келчү. Сураштырсак, “2 саатта бир алмаштырабыз, бирок бат эле толуп калат” дешти. Ошондо таштандыны карасак, көбүнчө желим бөтөлкөлөр экен. Биз колубуздагы бошогон бөтөлкөлөрдү үйүлгөн таштандынын үстүнө салгыбыз келбей, башка жакка таштайлы деп ала кеттик. Бирок жолдон бир дагы урнанын бош турганын көргөн жокпуз. Сыртында да толтура нерселер жайылып жатат. Демек, желим бөтөлкө үчүн өзүнчө челек жасап коюш керек экен деп ойлондук. Бирок ал кезде бөтөлкөлөрдү кайра иштетебиз деген ой келген эмес эле. Филармонияда мэрия жасаган урналар бар болчу. Аны барып карасак, ал жакта 4 фракция болуп турат. Бирок баарында бирдей эле таштанды. Мындай көрүнүштүн эки себеби бар. Биринчиси -адамдар урналарды максаттуу колдонбойт. Экинчиси - биз таштандыны өзүнчө бөлүп койгон күндө деле, “Тазалыктын” кызматкерлери баарын бир мүшөккө салып кетип калат да. Ошондуктан урналар жөн эле көргөзмө үчүн коюлган сыяктуу болгондуктан биз мындай иш натыйжа бербестигин түшүндүк. Өнүккөн өлкөлөрдү анализ кылып көрдүк. Алар таштандыны бөлүп таштоо маданиятын кантип калыптандырганына кызыктык.



***- Кызык экен. Кайсы өлкөлөрдүн мисалына токтолдуңуздар?***

- Бизге жакын Түркиянын мисалын карап көрсөк, алар таштандыларды иргеп салууну 80-жылдарда эле башташкан. Дароо эле 4-5 фракцияны коюп салбастан, алгач элге желим бөтөлкөлөрдү бөлүп таштаганды, кийин айнек, кагаз, анан акырындап тамак-аш калдыктарын бөлгөндү үйрөткөн. Кыргыздар менен түрктөрдүн маданияттары жакын болгондуктан, иш жүзүндө бизге да ушул жол туура келсе керек деп ойлодук.Элдер дароо пластик салчу жер экенин билсин деп урнанын формасын желим бөтөлкө тибинде жасаттырып, шаар ичинде орнотууга киriштик. 2019-жылы 2-августта бир урнабызды Бишкектин борборундагы чоң соода борборунун (ГУМ) алдына алып барып койдук. Орнотуп жатканда элдер кандай реакция беришет болду экен деп ичибизден тынчсызданып жаттык. Бир аздан кийин желим бөтөлкө терип келип урнанын ичине салып койдук. Элдер болсо барып кармалап көрүшүп, сүрөткө дагы тартып кетишти. Бир аздан соң бир бала ичип бүткөн суунун бөтөлкөсүн урнага салып койду. Ошондо кол чаап аябай сүйүнгөнбүз (күлүп).

***- Ар бир ишти баштаганда кандайдыр бир кыйынчылыктар болот эмеспи. Сиздерде дагы кыйынчылыктар болбой койбогондур? “Бул иш жарабайт окшойт. Башка эле иш менен алектенели” деген ой болдубу?***

- Албетте, андай ой да болгон. Ошол бир урнаны койгондон эки-үч күн өткөн соң соода борборунун администратору “урналарды алып кеткиле” деп чалды. “Эптеп орноштурсак кантип алып кетебиз?” деп кабатыр болдук. Көрсө алар “ичи толуп калды, бошотуп кеткиле” деп жаткан экен. Башында урнабыздын 70-80 пайызы таза пластик менен толуп калып жатты. Андан кийин 80 пайызын жалаң таштанды менен толтуруп коюп жатышты. Урнаны алып кетүүбүздү айтпасын деп, кечинде келип жууганыбыз эсимде. Кийинчерээк урналарды башка компаниялар аркылуу көбөйтө баштадык да, жалпы санын 30га жеткиргенде кыш келди. Январь, февраль айлары биз үчүн аябай оор учур болду. Себеби, биздин Begreen’ден башка IT долбоорубуз курьердик кызматта жакшы иштебей, каражатыбыз такыр эле калбай калган. Командабыздын катары да азайып, эки эле адам калдык. Биз ушул пластиктерди өткөрүп жумасына 2000 сом тапчубуз. Бул каражат эч нерсеге жетпейт эле. Ага кошумча убактыбызды, энергиябызды дагы көп алчу. Анын үстүнө машинабызды дагы сатып салган элек.







Досторубуздун унааларын сурап чогултуп жүрдүк. Үйгө чогулта берип ата-энебиз дагы уруша баштады. Ошондо кайда өткөрөрүбүздү билбей кыйналчубуз. Пластик чогултуп жүрүп жыттанып да каласың, акча дагы түшпөйт, тажайсың. Сатып, башкаларга өткөрүп берели, таштап салалы деген да ойлор болду. Ошол кезде “элдер жакшы кабыл албагандан кийин муну эмнеге жасап жатабыз?” деп көңүлүбүз калган учурлар болгон. Башында таштандыларды бөлүп салуу маданиятын Кыргызстанга биринчилерден болуп биз алып келип жатабыз деген чоң үмүт жана күч менен баштаганбыз. Бул ишти таштап салбаганыбызга ушул нерселер чоң түрткү болду десем болот. Анан дагы бизге “эгерде силер ушул ишти ийгиликке жеткирсеңер, анда экинчи, үчүнчү долбооруңар ошого байланыштуу болот” деп айткан эле. Ошол үчүн да “бизди таштабайлы, кандайдыр бир жыйынтык көрсөтөлү” деген максат менен чымырканып уланта бердик.

***- Азыркы учурда сиздер жасап жаткан ишке эл кандай реакция берип жатат? Колдоп жатышабы? Мисалы, эң эле жөнөкөй желим бөтөлкөлөрдү урналарга бөлүп салууга эл көндүбү?***

- Жасап жаткан ишибизге элдин реакциясын көп деле байкаган эмеспиз. Башында, балким, түшүнүшпөгөндүр: Бирок биз түшүндүрүү иштерин көбүрөөк жүргүзүп баштагандан улам, аябай жакшы кабыл ала башташты. Анын үстүнө көптөгөн медиа порталдарга интервью берип, маалымат тараттык. Маектерибизге айтылган ой-пикирлерди окуганда абдан сүйүндүк. Үйлөрү алыс жерде болсо дагы желим бөтөлкөлөрдү атайын чогултуп, биздин урналарга салып кеткендер бар. Аларды көрүп, жүрөгүбүз жылып, дагы да көп иш кылгыбыз келет. (күлүп). Ал эми азыр урналарда чогулган таштандылардын 80 пайызы пластик болуп калды. Демек, элибиз жакшы кабыл алып, таштандыны бөлүп таштоону өздөштүрө баштады десем жаңылышпайм.

***- Пластиктердин зыяны бизге канчалык таасир этет? Кайра иштетүүнүн пайдасы кандай? Таштанды маданиятын калыптандыруунун эмне зарылчылыгы бар?***

- Учурда баарыбыз чогулган таштандыларды бир баштыкка салып, ыргытып жиберебиз. Аны “Тазалыктын” кызматкерлери топтоп туруп, полигонго алып жөнөйт. Ал жердеги таштандыны элдер бөлүп таштап жаткан болот. Элестетиңиз, ал жерде кандай гана таштандынын калдыктары бар? Мисалы, медициналык калдыктардан көптөгөн оорулар жугат. Ал таштандыны бөлгөн адамдар эртең шаарга чыгат. Анан бири-бирине ооруларды жугузушат. Албетте, бул мамлекетибиздин экономикасы начар болуп, коомубуз жумушсуздуктун айынан, айла жоктон жасалып жаткан иш эмеспи. Ал эми калганын өрттөп салышат. Таштанды полигону жайы-кышы дебей күйүп турган болот. Аны өчүрүү абдан кыйын. Бөлүнгөн уулуу газ шаарыбызды каптап жатпайбы? Башкача айтканда, түтүнгө ууланып жашап жатабыз. Таштандылар төгүлгөн айдоо жерин да жараксыз кылдык. Эң негизги чечиле турчу маселе - бул таштандыны бөлүп таштоону калыптандыруу. Мындай нерсеге көнө турган болсок, таштандыны кайра иштетүү аябай жеңил болот. Мисалы, тамак-аштын калдыктарынан биогумус же болбосо керектүү газдарды алсак болот. Бөтөлкөлөрдөн кадимки кол баштыктан бери жасоого болот. Таштанды десе эле ыргытып, таштап кете беребиз. Чындыгында кайра иштетилбей турчу нерсе жок. Биз ушул нерсени карап чыгып, жакшы жолго салсак эч кандай таштанды болбойт.

***- Дагы башка кандай иштер менен алектенесиз?***

- Эко-активизмден сырткары “Алакел” деген аталыштагы электрондук дүкөндөрдү ачуудабыз. Буюрса, Кыргызстанда жакынкы аралыкта электрондук ири дүкөндөр пайда болот деген ишеничтебиз. Азырынча экология тармагын жакшылап өнүктүрүп алгандан кийинки улантуучу ишим IT тармагы болмокчу. Андан башка билим берүү тармагына дагы абдан кызыгам. Келечекте электрондук билим берүү тармагын дагы жакшыртып, жогорку деңгээлге чыгарабыз деген ниеттемин.

КАБАР: АЙГЕРИМ ТОКТОБЕКОВА

## Таалайбек Мусурманкулов, сүрөтчү:
# “Сүрөтчү аалам кезип, көп жерди көрүшү керек”





***Кыргыз сүрөтчүсү Таалайбек Мусурманкулов - чыгыш пейзажисттеринин жаркын өкүлү. Ал көптөгөн өлкөлөрдө көргөзмө ачып, өз эмгектери менен сүрөт искусство тармагында таанылып келет. Азыркы учурда сүрөтчү Түркияда жашайт. Анын арт-инстаграм баракчасындагы пейзаждары көргөн кишинин көз жоосун алат. Сүрөтчүнүн боек менен кылдат иштеп, жеке өзүнө гана тиешелүү стилде тарткан сүрөттөрүн жактырып, сатып алган кардарлары, күйөрмандары көп. Анын эмгектери негизинен чет өлкөлүк кардарлардын арасында абдан бааланат. Учурда чет өлкөлөрдө тааныла баштаган кыргыз сүрөтчүсү өз өнөрү, жашоосу жана алдыдагы максаттары тууралуу “Манас” гезитинин кабарчысына кенен айтып берди.***

**“Сүрөт дүйнөсүндө 26 жылдан бери жашап, иштеп келем”**

-Мен 1985-жылы Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаарында жөнөкөй үй-бүлөдө жарык дүйнөгө келгем. Үй-бүлөдө 8 бир туугандын жетинчисимин. Искусство тармагына (сүрөтчүлүккө) кичинемден кызыкчумун. Ата-энем өнөрүмдү байкап калып, 1996-жылы 6-классымда Бишкек шаарындагы сүрөт мектебине жөнөтүшкөн. Ошол учурда улуу байкем Кыргыз көркөм сүрөт академиясынын алдындагы сүрөт мектебин аяктап, андан соң академиянын студенти болуп билим алчу. Ушул факторлор менин бул өнөр тармагына келип калышыма чоң түрткү болду десем болот.

Ошентип, 1996-жылы Бишкек шаарындагы Кыргыз көркөм сүрөт академиясынын алдындагы сүрөт мектеп-интернатына келип окуп калдым. Ал жерде 4 жыл билим алды. Андан соң 2001-жылы академиянын студенти болуп, аны 2006-жылы аяктадым. 1996-жылы сүрөт дүйнөсү менен тааныштым жана азыркы күнгө чейин, 26 жылдан бери ушул өзгөчө дүйнөдө жашап, иштеп келем. Талантымды өз убагында байкап, бул тармакка кадам таштышыма бирден бир себеп болгон ата-энеме ыраазымын.

**“Сүрөт тартууга Кыргызстандын тоолору шыктандырат”**

Сүрөт тартуума биринчи орунда үй-бүлөм, Кыргызстандын тоолору, деги эле бизди курчап турган кооз жаратылыш өзүнчө бир эргүү, шык берет десем болот. Жаратылыштын эскиздерин полотного түшүргөндү жактырам. Табигаттагы түркүн түмөн түстөр палитрамдагы жаңы айкалыштарды издеп, өзгөчөлөнгөн сүрөттөрдү тартууга шыктандырат. Бир сүрөт мынча убакытты талап кылат деп так айтуу кыйын. Кээ бир сүрөттөрүмдү жылдан-жылга улантып тартууга туура келет. Бирок жалпысынан сүрөттөрүмдү 1-2 саатта тартып жетишем.

**“Кээ бир сүрөттөрүмдү сатайын деген оюм жок”**

-Ар бир тарткан эмгегимдин баасы бир нече факторлорго таянып коюлат. Негизинен ар бир сүрөтчү өз эмгегине биринчи болуп өзү баа берет. Мисалы, кээ бир сүрөттөрүмдү сатайын деген максатым жок. Мен үчүн ал эмгектерим баалуу, ошол себептен ал сүрөттөрүмө өз коллекциямдан орун берем.

**“Сүрөтчү өзүн-өзү баалай билгенде гана аны башкалар барктайт”**

Кыргызстанда таланттуу сүрөтчүлөр көп, бирок өкүнүчтүүсү, азыркы учурда жакшы бааланбай келет. Мындайча айтканда, сүрөт искусствосу башка искусство түрлөрүнө караганда баалануу жагынан арткы планда келе жатат десем болот.

Чет өлкөдөбү, Кыргызстандабы, эң негизгиси сүрөтчү өзүн-өзү баалай билсе, кайсы жерде болбосун, аны түшүнүп, барктап колдогондор болот. Бирок салыштырмалуу түрдө Кыргызстанга карганда чет өлкөдө сүрөт искусствосуна болгон мамиле башкача.

**“Эмгектеримди өзүбүздүн өлкөдөн сатып алгандар аз”**

Чет мамлекеттерде көп эле көргөзмө уюштурдум. Оруссияда 10 жыл жашадым. Ошол убакыт аралыгында ондон ашуун көргөзмөм болду. Андан сырткары Кыргызстан, Түркия, Жапония, Америка жана башка бир нече мамлекеттерде башка сүрөтчүлөр менен чогуу көргөзмөлөргө катыштым. Эмгектеримди көбүнчө чет мамлекеттегилер сатып алышат. Кыргызстанда сатып алгандар дээрлик жок. Ушул убакытка чейин өзүбүздүн өлкөгө 1-2 гана сүрөт саттым. Калган эмгектеримдин баары чет мамлекетке сатылды.

**“Экспорт иши Кыргызстанда көп түйшүк жаратат”**

Менин түшүнүгүмдө сүрөтчү аалам кыдырып, канчалык көп жер көрсө, аң сезими ошончолук өсөт. Учурда чет өлкөдө жашаганымдын да себеби ушунда. Ар кандай маданият менен таанышып, башка сүрөтчүлөр менен жолугуп, алар менен тажрыйба алмашып, өзүн-өзү өнүктүрөт. Кыргызстанда бул нерсеге жетиш бир аз оор. Кардарларыбыздын көбү чет өлкөлөрдөн болгондугу үчүн, экспорт иши Кыргызстанда арбын түйшүк жаратат. Заказдарды башка өлкөгө жөнөтүү үчүн документ иши көп убакыт алат. Азыркы учурда биз Түркиядабыз. Бул жерде башка өлкөлөрдөн заказ келгенде экспорт ишинде эч кандай тоскоолдуктар жок, оңой, бат бүтөт.

**“Кыргызстанга кийинчерээк барабыз”**

Келечекте ишке ашырсам деген максат, пландарым көп. Кыргызстанга барып жашайбыз деген максатыбыз да, албетте, бар. Бирок, азыр эмес, кийинчерээк. Азыркы учурда жер кыдырып, эл көрүп, башка маданияттар менен таанышып, өз пландарымдын үстүндө иштеп жатам.

КАБАР: ЭЛНУРА МУХАНБЕК КЫЗЫ



# КТМУнун студенттери эл аралык чемпионатта байгелүү орундарды багындырды

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

Үстүбүздөгү жылдын 5-6-ноябрь күндөрү Өзбекстандын Алмалык шаарында өткөн жыгач күрөш боюнча Азия чемпионатынан спорт илимдери факультетинин студенти Чыңгыз Саламатов 60 кг салмакта алтын медаль жеңип алды.

Ал эми 2022-жылдын 3-декабрында Россиянын Чехов шаарында өткөн сумо күрөшү боюнча чемпионатта Аяна Рыскулбекова 55 кг салмакта коло медаль тагынды.

Жеңишке жеткен студенттерибизди куттуктап, мындан аркы мелдештерге ийгиликтерди каалайбыз!






# Бакыт Орунбековдун “Советтик Кыргыз Журналистикасы күбөлөрдүн сөзү менен” аталышындагы китеби жарык көрдү

КАБАР: АДИНА МАТИШОВА

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, саясий илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ага окутуучусу, публицист Бакыт Орунбековдун долбоорлук жетекчилиги менен Кыргызстанда биринчи жолу “СОВЕТТИК КЫРГЫЗ ЖУРНАЛИСТИКАСЫ күбөлөрдүн сөзү менен” оозеки тарых китеби чыкты.




-Бул китепте советтик заманда жашаган, журналистик кесиптин түйшүгүн тартып, ал тармакта көп жылдар эмгектенген 40тан ашык калемдештерибиздин оюу, сөзү, көз карашы, өзү күбө болгон доорду билимине, тарбиясына жараша кабыл алганы, көргөнү, талдоосу, баасы боюнча советтик кыргыз журналистикасынын тарыхы жазылды,- дейт Бакыт Орунбеков.

Долбоор авторунун айтымында жыйнакка кирген оозеки тарыхый булактардын башкы айырмачылыгы - маалыматтын индивидуалдуулугу жана субъективдүүлүгү. Совет доoорунун бир өңүрү - улуттук журналистиканын тарыхый, саясий-идеологиялык, моралдык-этикалык өзгөчөлүгү, коомдук жоопкерчилигинин деңгээли жөнүндө ар кандай көз караштан кенен кеп болот.

Ошондой эле бул китепте совет замандагы журналисттерди даярдоонун кыскача тарыхы жана кыргыздын сөз кадырына байланыштуу накылдары берилген.

# Университетте кан донору болууга үндөгөн акция өттү



КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде 6-8-декабрь күндөрү “Сиздин каныңыз бир өмүрдү сактайт!” урааны менен кан донору болууга үндөгөн акция өттү. Иш-чара кандын запасын топтоо максатында Республикалык кан куюу борбору менен бирге уюштурулду.

Иш-чарага университеттин академиялык жана административдик кызматкерлери жана студенттер активдүү катышты.

Донорлордон чогултулган кан оор илдетке жана кырсыкка кабылган, кан көп жоготкон адамдарга чукул жардам берүүдө колдонулат.



Солдон оңго: КТМУнун биринчи проректору профессор Асылбек Кулмырзаев, Чанаккале Он Сегизинчи Март университетинин ректору, профессор Седат Мурат, Түркия Республикасынын Президентинин Администрациясынын Стратегия жана бюджет башкармалыгынын башчысы Ибрахим Шенел, КТМУнун ректору, профессор Алпаслан Жейлан, Түркия Республикасынын Президентинин Аппаратынын Коммуникациялар департаментинин башчысы, Камкорчулар Кеңешинин төрагасы Фахреттин Алтун, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары Расул Авазбек уулу, Тышкы иштер министринин орун басары Айбек Молдогазиев, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын эл аралык кызматташтык бөлүмү, бөлүм башчысынын орун басары Талгат Аширбеков жана Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин экспертизалоо башкармалыгынын башкы адиси Тимурлан Ажымалиев